# КЫЗ КУУМАЙ УЛУТТУК ОЮН

**ТЕМИРБАЕВА Г.И.**

*Жалал-Абад мамлекеттик университетинин*
**УДК: 070002**

***Аннотация:*** *Бул макалада кыргыз элинин улуттук оюну болгон кыз куумайдын тарыхы, ойнолуу эрежелери жана бүгүнкү күндө кандай статуска ээ экендиги тууралуу баяндалат.*

***Урунтуу сөздүр:*** *Улуттук оюн, намыс, мелдеш, үй-бүлө, эреже, каада-салт, шамдагайлык, маданият, эрк.*

***Аннотация:*** *На этой статье докладвуется национальные игры кыргызского народа кыз куумай правила игры, история и на сегодняшний дне какой статус овладает.*

***Ключевое слова:*** *национальные игры, честь, семья, правила, традиции и обычаи, смелый, культура, воля.*

***Abstract:*** *Haec dokladvuetsya nationalis ludis Kyrgyz populus kyz kuumai regulas ludi, in historia praesentis diei et quod status ovladaet.*

***Key words:*** *Nationai games, competition, family, rules, customs and traditions, culture, freedom, nimbler, honor.*

Эркиндик үчүн тынымсыз жоортулдарды уюштуруп, эң эле тынчы жок эл атыгып, «Азиянын жапайы арстандары» деген атка конгон кыргыз жоокерлеринин жашоосу дээрлик ат үстүндө өткөн. Ат ойнотуп Азияны эркин жоортуп жүргөн кыргыз эр азаматтарынын жашоосун жылкы баласысыз элестетүү таптакыр мүмкүн эмес. Кыргыз эли – илгертен ат жалына казан аскан жоокер эл. Бекеринен «Манас» эпосунда «Жөө калган кыргызды жөөлөтүп жүрүп кырбайбы» деген ыр саптары айтылбаса керек. «Тулпар эрди сактайт, эр элди сактайт» деген макалдын өзү эле «жылкы», «азамат» жана «эл» деген үч түшүнүктүн ортосундагы карым катыш байланыштын канчалык деңгээлде экендигин айгинилейт. Ошондуктан элибиздин аскердик машыгуулары дээрлик ат үстүндө болуп, андан бир нече улуттук оюндар келип чыккан. Ар бир эл өзүнүн салты, үрп-адаты менен гана эмес өздөрүнө тиешелүү болгон салтык улуттук оюндары менен да айырмаланат. [1.150].

Мисалы, эл арасында улуттук оюндар боюнча 2 түшүнүк бар.

- Кыргыз элинин миң бир жыл чамасындагы ойнолуп келе жаткан улуттук оюндары: «Балбан күрөш», «Эр сайыш», «Жамбы атыш», «Ат чабыш», булл оюндар Манас баатырдын убагындагы Көкөтөй хандын ашында ойнолуп өткөндөгү бардык элге белгилүү. Себеби, манасчылар илгертеден бери айтып келе жатышат. Манастын уулу Семетейдин убагында улак тартуу да болгон.

- Кыргыз элинин үч жүз жыл чамаасынан берки келе жаткан улуттук оюндары: «Балбан күрөш», «Эр оодарыш», «Көз таңмай», «Аркан тартышуу», «Таз сүзүштүрүү», «Тыйын эңмей», «Жылаңач чабышу», «Өпкө чабышуу», «Жөө чабыш», «Эр сайыш», «Жамбы атуу», «Улак тартуу», «Айгыр чабуу», «Аялдардын сайышы», «Аял оодарыш», «Ат чабуу», «Кыз куумай», «Ордо атышуу», «Тогуз коргоол оюну», «Упай атышуу», «Кыз берүүдөгү майда оюндар», «Төшөк талашуу», «Кыз оюну», «Чакмак алышуу», «Оромпой тебүү», «Дүмпүлдөк», «Шабият оюну», «Элден элден эл чабар», «Токту сурамай», «Селкинчек», «Ак чөлмөк», «Жөө оодарыш», «Сартча алышуу», «Чигит чапмай», «Көлгө түшмөй», «Жашынмак», «Мангал уруу», «Жоолук таштамай», «Эшек секиртмей», «Каным дат», «Уюм тууду», «Төө чечмей». [2.532-533].

Жогорудагы аты аталган бир канча оюндардын ичинен «Кыз куумайдын» пайда болу тарыхына, ойнолуу эрежелерине жана бүгүнкү күндөгү статусуна токтолууну чечтим. Анткени, кыз куумай кыргыз элинин байыртадан келе жаткан улуттук ат оюндарынын бири болуп эсептелет жана аял-эркек теңдешинин далили.

Кыргыз эли байыртадан эле ар кандай оюндарды ойлоп таап, мурас катары кийинки урпактарга жеткирип келди. Биз жөн гана элдик оюндар деп атаганыбыз менен, ар бир оюндун өз максаты жана тарбиялык мааниси өтө зор.

Анын тарыхый мааниси никелешүүгө барып такалат. Салтка ылайык эгер жигит оюнга түшкөн кызга жеткен болсо, ага үйлөнүшү керек болгон. Салт боюнча кыз мине турган атын өзү тандап жигиттен алдыга чыгып, жигит артынан кубалап жөнөйт. Эгер кызга жеткен болсо бетинен өпкөн, жетпей калса жигит кыздан камчы жеген. Булл оюндун негизги максаты кыздын жигитке жеткирбей качуусу. Жигиттин да кызга жетүүгө далалат кылуусу болуп саналат. Азыркы учурда да Кыз куумай тойлордо, майрамдарда ойнолуп келет. Бирок түпкү маанисин жоготуп, тамашалуу көрүнүшкө айланган. Оюндуу кыргыз коомундагы аял-эркек теңдигинин бир далили катары да мааниси бар.

Филология илимдеринин кандидаты, ага окутуучу Уланбек Алимов: «Ат оюндрынын негизги өзгөчөлүгү диний ритуалга таянат. Эгерде салтык же диний ишенимдер болбосо оюндар аң сезимде калыптана албайт. Кыз куумай архаикалык ат оюндарынын бири болгондуктан салтык ишеним менен тыгыз байланышта. Нидерландылык философ, тарыхчы-окумуштуу Йоман Хейзинганын «Homo ludens” аттуу эмгегинде «Адам баласы башкалардан айырмаланып ойлонот, дайыма ойноптурушу керек. Эгер ойнобосо жашай албайт. Адам баласы ойноп жатып, жашоосундагы тоскоолдуктарды кантип жеңүүнү үйрөтөт»,-деп жазылган. Кыз куумай тойдун көркүн ачкан улуттук оюндардын бири.  Кыз куумай оюнунун башка оюндардан айырмаланып турган өзгөчөлүгү – кызга көп жеңилдиктин берилиши. Көчмөн маданиятта бир кишиге ат берилип жатканда ал сөзсүз өзүнүн жөндөмүн көрсөтүшү керек болгон. Мындай көрүнүш кыз куумайга да мүнөздүү. Кызга күлүк ат берилиши – кыздын даражасы жогору экендигинин далили. Ал эми кое берип, камчы бериши- кызга болгон урмат-сыйды билдирет. [3].

Кыз куумай ойунунун шарттары жана эрежелери менен ойнолот. Оюнчулардын саны 2ден 20чейин оюн узундугу 1,5 чакырымга чейин келген талаада (же иподромдо) өткөрүлөт. Жолду кесип өтүүгө, өзүнүн атын экинчи катышуучунун багытына карай багыттоого, омуролоотугоо, бирөөнүн атын токтотууга, ага тоскоол болууга же камчы менен чабууга тыюу салынат. Оюн башталарда кыз менен жигитти калыстар стартка чакырышат. Кыз старта 25-30 метрдей алдыда болот. атайын белги боюнча кыз биринчи чаап жөнөйт, ал эми жигит болсо ага жетүүгө аракеттенет. 150-200 метрлик аралыктын ичинде жигит кызды кууп жетсе, анда ал кыздын бетинен өбүүгө акылуу (баш кийимин кыздын аркасына тийгизсе да болот), булл жеңгендиктин белгиси. Эгерде жишит жетпей калса, бурулуп туруп кайра чапканда, алардын орундары алмашылат. Эми кыз жигитти кубалайт да, жетип алса жигитти далыга камчылайт. Кызды кууп жете албаган жигит мелдешке андан ары катышу укугунан ажырап, кезек командадагы кийинки жигитке өтөт. Оюнду кайталоо саны жана жеңип чыккандар менен финанчыларды аныктоонун тартиби мелдешти өткөрүп жаткан спорттук ийрим тарабынан белгиленет. Жигит жеңген учурда 1 упай алса, кыз болсо 2 упайга ээ болот. [4.258].

Эреже боюнча жигит кызды кууп жетсе, анда анын бетинен өөп (баш кийимин кыздын аркасына тийгизсе да болот), ашыктыгын билдирген. Булл тууралуу эл оозунда төмөнкүдөй саптар айтылат:

Кыз,жигити кыргыздын,  
Кылымдап ойнойт кыз куумай!  
Кыз куумай оюнун карасаң,  
Кызыгына эл батып,  
Кыйкырып дуулап тик турмай!  
Кыз куумай оюну кыгыздын,  
Эзелтен калган салты экен!  
Эңкейип жандап жарышып,  
Кызга жетсе жигити,

Буралтып туруп кыз өбүш,
Байыртан кыргыз наркы экен!

А эгерде кууп жете албаса, оюн тескерисинен уланып, кыз жигитти кубалачу. Жигиттен айырмаланып, кыздар өбүнүн ордуна камчы менен жого чабышкан же болбосо камчы менен чаап, жигиттин баш кийимин башынан түшүрүүгө аракет кылышчу.

Оюндун бири кыз куумай,
Күлүктөр көктө сызчуудай.
Тизгинди чоюп жөнөсө,
Жигити-шумкар, кыз – куудай!
Оюн деп чиркин ушуну айт,
Көргөндө кимдер кызыбайт.
Жигити жтип кызды өпсө,
Көзүңө сүйкүм учурайт, деген Жалил Садыковдун ырында [5.105] турмуштук философияны таамай айткан десек жаңылыштык болбос.

Тарыхта «кыздар жигиттерди камчы менен башка чаап, жүзүн канга боеп койчу» деген маалыматтар да жок эмес. Анан, албетте, эгер кыз максатына жетсе, булл жигит үчүн чоң шылдың деп эсептелген. Мында жигит айыпка жыгылып, чогулгандарга мал союп бериши талап кылынган. Мындан тышкары кызга үйлөнүү укугунан да ажыраган. Кызыгы, айрым авторлордун айтымында, өзгөчө эр жүрөк жигиттер кызга жетип анны өбүп гана тим болбостон, мамактарынан кармоого жетишишкен. Жадакалса, «жигит менен кыз жарыштан кийин аттары менен алыска качып кетишип, түн ортосуна чейин келбей койгондору да болгон» деп айтылат.

Кыз куумай оюну спорттун түрүнө 1958-жылдан баштап Бүткүл союздук ат спорт мелдештеринин программасына кошулган. [6.10-11].

80-жылдарда «Ысык-Көл форумунун» катышуучусу Хейди Тоффлердин «Кыз куумай» оюнун көрүп, бөтөнчө куштарланып: «Эгер жигит кызга жете албаса, кайтканда кыз анны камчыга алат экен.. булл өтө таң калаарлык, бирок кызыктуу каада. Балким анны кеңири таратуу керектир» - деп жазгандыгы да бизге жогоруда айтылгандардын нугунда көп нерсени билдирип турат. Мына ушул чындыкка, нукура улуттук касиетке, улуттук кебете кешпирге терең мани берип, улуттук оюндарга баа брген. [7. 108-109].

Алгач кыз куумай оюнуна үйлөнүү тойлордо гана көп өткөрүлчү. Кыз куумайга күйөө, кыз, жеңеси катышкан. Жеңе кызга жардам берип, жигит кууп жетпегендей кыз качып кетишке жеңеси жардам берген. Кыз куумайга кыздын теңтуштары жана жигиттин жоро жолдоштору катышкан. Мындан улам кыргыз турмушунда уруулук-патриархалдык доордо куда лашып, үй-бүлөө кургандыгы баарыбызга белгилүү. Булл салт ар дайым эле сактала берген эмес. Кээде кыз же жигит бирин-бири жактырбай, тескерисинче башка кызды же жигитти сүйүп калса анда алып качу аркылуу сүйүүсүнө жеткен учурлар көп эле болгон. Мындай мезгилде кыздын жеңеси жана курбу курдаштарынын ролу зор болгон. Ошондон улам кыз куумайда да кызга жардамчы күч катары жеңесинин кошулуп калышы ушундан улам болсо керек. Кызга аттын мктысы берилген. Күйөө бала кызды кууп жетип, кызды сүйгөнүн көрсөтүү менен кызга үйлөнүү укугун алат. Ат жманынан улам дайым эле күйөө бала кызды кууп жете алчу эмес. Бирок кыз жигитти чанып, той токтогон учур болгон эмес.

Эпикалык чыгармаларда дп кыз куумайдын байыркы оюндардан экендиги «Манас» эпосунда да жолугат. Сейтек ата конушу Таласка көчүп келе жатканда жолдо эригип, көңүл ачып, кырандар бары баш болушуп кыз куумай оюнун ойногондугу мындайча баяндалат:

Боз бала, жигит аралаш,
Кыз-келин менен жарышып.
Кызык өзөн бойлошуп,
Кызыгышып кыраандар.
Кыз куушмай ойношуп,

Талыкпай көчүп бээ байлап,
Таласты көздөй бет алып,
Эл чуркурап, чуу болуп,
Эр кубанып, дуу болуп,
Киндик кесип кир жууган
Жерине көчүп келатат – деген ыр саптары да кыргыз эли көчмөн турмушта жашаса да улуттук оюндарын укумдан-тукумга жеткиргендигин далилдөөдө.

Кыз куумай оюну айрыкча кыргыздын жаш жигиттерини чечендикке, шамдагайлыкка, ат үстүндө ойногонго тарбиялайт.

Азыр кыз куумай оюну жаштардын арасына өтө кеңири таралган оюн тамашага айланды. «Кыз куумай» оюну интернационалдык кеңири мүнөзгө өтүп жатат. Коңшу Казакстан менен Өзбекстан да ойнотулат. Кыз куумай оюну акын-жазуучулардын чыгармаларында да кеңири баяндалган. Чынгыз Айтматовдун «Жамила» чыгармасында оң мааракеде өткөн кыз куумай оюнунда Садык менен Жамила кыз куумайга чыгышп. Садык Жамилага жетпей калып, эркектик намысынын күчүнөн, Жамиланы ала качып үйлөнгөн. Демек, кыз куумай оюну кыргыз жигиттерин намыскөйлүккө, патриоттуулукка тарбиялаганын залкар жазуучу дагы бир ирет далилдеген.[8].

Оюндун педагогикалык мааниси шамдагайлыкка тарбияланат, тең салмакты сактоого, чечкиндилүүккө, ат чабуунун ыкмаларын үйрөтөт. Кыргыздын улуттук оюндары түрдүү мезгилдерде ойнотулат.

Элибиздин татаал тарыхый жолдорду басып өтүп, эли жерин, ал тургай коңшулаш жашаган тектеш тилдүү калктарды да жоодон, табийгаттын катал кырсыктарынан коргоп келген. Ошону менен бирге өз биримдигин, үрп адатын, салтын, кылымдар бою түзүлгөн маданиятын көөнөртпөй сактаган. Анткени, ыр күүлөрү, элдик кол өнөрчүлүктүн түрлөрү, макал ылакаптары, жомокторy, ал эмес залкар эпосторго чейин тилден дилге өткөрө аздектелип, эс акылдын кудурети менен ушул күнгө жетти. Ат жалында эркин ойноп, көчүп конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер элдин кулк мүнөзүнө, улуттун өзгчөлүгүнө жараша көп сандаган кыймылдуу оюндарды ойлоп табышкан. Ал оюндар азыркы күнгө чейин жетип, кээ бирлери социалдык мазмунга жараша өзгөрүүлөлгө дуушарланган жана өз актуалдуулугун жоготпой келет. Демек, кыз куумай да аял-эркектердин тең тайлашкан оюуну. Мындан улам кыргыз коомунда аял менен аял менен эркектердин тең укуктуулугунун болгондугун ушул оюн дагы бир жолу ырастайт десек жаңылыштык болбос.

**Адабияттар:**


1. Кыргыздын элдик оюндары. Кыргызстан 1978, 150-бет.
2. Кыргыздар 1-том. Бишкек «Кыргызстан»-1993, 532-533-бет.
3. Кыргыз Туусу газетасы. 2014-жыл.
4. Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. Бишкек.,2003. 258-бет.
5. Кыргыздын элдик оюндары. Кыргызстан 1978, 150-бет.
6. Кыргызстандын тулпарлары.Фрунзе-1980. 10-11-бб.
7. С.Байгазиев. Ата Мекен жана дүйнөлүк этика. Бишкек-2007. 108-109-бет.
8. Шоокум журналы. 2009-жыл.